Бекитемин
Мектеп директору А.Бостонкулова

## С.Исмаилов атындагы орто мектептеги окуучулардын жүрүш-туруш эрежелери.

Аталган эрежелердин максаты болуп билим алуу үчүн жагымдуу кырдаалдарды, мектептин ичинде жана тегерегинде коопсуз шарттарды түзүп берүү, инсанга карата сыйлоо сезимин, маданияттуу жүрүм-турум, коомчулукта сүйлөшө билүү көндүмдөрүн өстүрүү.

**ОКУУЧУНУН МИЛДЕТТЕРИ:**

- Мектепке сабак башталаардан 15-20 мин.эрте келгенге;
- Мектеп аныктаган мектеп формасында,таза жана тыкан кийинип келүү (дене тарбия сабагында спорттук кийим менен келүү);
- Кийим чечүүчү жайга кийимин чечүү, керек болгон убакта бут кийимин алмаштыруу;
- Өзүнүн окуу жерин жана окууга керектүү жарактарын алдыда боло турган сабакка даярдоо;
- Мектепте жана мектептен тышкары жерлерде өзүн татыктуу, маданияттуу алып жүрүү;
- Мектептин ички тартибин жана жүрүш-турушун сактоо (окуу процессин бузбоо, сабактарга ар дайым даяр болуу, сабактарга кечикпөө, класс жана мектеп турмушуна катышуу);
- Ийгиликтүү адаптацияга бүт күчүн жумшоо;
- Педагогдор, мектеп персоналдары жана окуучулары менен өз ара сыйлоо жана этият мамиле түзүү (улууларга сый мамиле менен «Сиз» деп аты-жөнү менен кайрылуу);
- Мектептин территориясында тазалыкты жана тартипти сактоо;
- Калтырган сабактарын өз убагында тапшыруу,темаларды тапшыруу, план – конспектилерди көрсөтүү ж.б.;
- Мектептеги, класстагы коопсуздук атмосфераны түзүү жана колдоо;
- Сабак калтырган учурда өз убагында класс жетекчиге догдурдан же ата-энеден күбөлөндүрүүчү каттарды алып келип көрсөтүү (алардын ордун алмаштыруучулардан);
- Мектептеги, класстагы өз ордун жана ар-намысын сактоо.

**ОКУУЧУЛАРГА ТЫЮУ САЛЫНАТ:**

- Администрациянын уруксатсыз сабак учурунда мектептен кетүүгө;
- Өз каалагандай спорттук, маданияттык жана класстан тышкаркы иш чараларды таштап кетүүгө;
- Терезенин алдында, шкафтарга, имараттык жабдууларга чыгууга;
- Тосмолордо жылгаяк тебүүгө жана терезе алдына отурууга;
- Электр жана техникалык шкафтарды ачууга;
- Дене тарбия сабагынан бошотулган окуучулардын да спорт залда сабакка милдеттүү түрдө катышуусу керек.